**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.20.606 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕНЕШИ**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 332.2.01:332.33:338.26**

**Ажиматова Наргиза Мырзакабуловна**

# Жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун негизинде региондун экономикасын туруктуу өнүктүрүү

08.00.05-Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД 2021 ж**

Диссертациялык иш К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Экономика жана экономикалык изилдөөлөр кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:**

**Кантороева Гульзат Кантороевна** экономика илимдеринин доктору, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз Экономикалык Университетинин профессору

**Расмий оппоненттер:** **Убайдуллаев Мирланбек Байдусенович** Экономика илимдеринин доктору, профессор ОшМУнун Бизнес жана Менеджмент Факультетинин "Ишкананын экономикасы жана бизнести башкаруу" кафедрасынын башчысы

**Шамшидинов Учкунбек Тухтамурадович** Экономика илимдеринин кандидаты Б.Сыдыков атындагы Эл-аралык Кыргыз-Узбек университетинин кесиптик Колледжинин окуу иштери боюнча директорунун орун басары

**Жетектөөчү мекеме:** М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин "Экономика жана финансы" кафедрасы, 723503 Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Исанов көчөсү, 81

Коргоого 2021-жылдын ____ _____________саат ______
К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин жана Ош мамлекеттик университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.20.606 диссертациялык кеңешинин отурумунда болуп өтөт. Дареги: Кыргыз Республикасы, 715613, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Диссертация менен Жалал-Абад шаарындагы К.Ш. Токтоматов атындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасынан (715613, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү 30) жана www.mnu.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын "_____" ____________ таратылды.

**Д. 08.20.606 диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, э.и.к., доцент:** **Торогелдиева А.Б.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ.

**Диссертациялык темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстанда экономикалык реформанын жүрүшүндө эл чарба тармактарын өнүктүрүү, экспортко дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык чарбаларды жана ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Айрыкча бул маселе регионалдык денгээлде купулга толоорлук нукта каралып жатканы, келечекте экономиканын өнүгүшү чарбалар жана ишканалар менен байланыштуу болору тууралуу кабар берет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөтүп жаткандай, региондордо, жер боюнча реформаны ишке ашырууда, эл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда чарбалар жана ишканалардын ролу жана орду эбегейсиз. Мурдагы план түрүндө жүргүзүлүүчү экономика калкты азык-түлүк менен камсыз кылууда, белгилүү бир ийгиликтерге жетишкендигине карабастан, иш жүзүндө мамлекеттик менчиктин басымдуу болушу жана административдик системанын үстөмдүгү, социалисттик өндүрүш мамилелери бузулуп, өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө чоң зыян келтирген. Ошондой эле карыздардан сазынан чыгып, рентабелдүү иштөө мүмкүнчүлүгүн түзүүгө ишенбестикти жараткан. Мына ошондуктан мурдагы союздун курамына кирген республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да эгемендүүлүкө ээ болгондон баштап, экономиканын менчик мамилелеринде, чарба ишин жүргүзүүнүн формаларында жана методдорунда, жалпысынан айтканда, экономикалык мамилелердин бүткүл комплексинде терең өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу рынок экономикасынын мамилелерин өздөштүрүүгө багыт алынган. Анын өлкөдө толугу менен орношу үчүн коомдук түзүлүштүн трансформациясы жүрүүдө.

Бул проблема экономика илиминин белгилүү окумуштуулары Россияда А.В. Чаяновдун, И.В. Туган – Барановскийдин, Я.Э. Абалкиндин, Н.И. Буздалованын, А.А. Шутьковдун, А.Ф. Серковдун, В.Р. Боевдин, В.В. Милосердевдин, Е.Ф. Злобиндин ж.б., ал эми Кыргызстанда Т.К. Койчуевдин, П.К. Купуевдин, К.Ш.Токтомаматовдун, А.З.Зулпукаровдун, Г.К.Ташкулованын, С.А.Омурзаковдун, М.Б. Убайдиллаевдин, Г.М.Маматурдиевдин, М.Б.Балбаковдун, Ш.М. Мусакожоевдин, К.А.Атышевдин ж.б. эмгектеринде теория – методологиялык жактан иштелип, жарыкка чыккан. Бирок жогоруда аталган проблемалардын ар кандай аспектилери атамекендик жана чет элдик адистер менен бир нече ирет изилденгенине карабастан, Кыргызстандын экономикасынын учурдагы шартына байланыштуу жер ресурстарын пайдалануу маселеси өтө курч мааниге ээ болууда. Мына ушул проблеманы чечүү керектиги, диссертациянын темасын, анын максатын илимий жана практикалык маанилүүлүгүн тандап алууга шарт түздү.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, билим беруу жана илимий мекемелерде жүргүзүлүп жаткан ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим изилдөө менен байланышы**. Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын 2019-жылга чейинки «Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери», Жер ресурстарын, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөр жай жана айыл чарбаны өнүктүрүү боюнча атайын программалары жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Евразиялык Экономикалык Биримдикке кошулуу боюнча изилдөөлөрү менен байланышта.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** Кыргызстандын экономикасынын учурдагы шартына байланыштуу жер ресурстарын пайдалануу эл чарба ишин

жүргүзүүнүн натыйжалуу формаларын аныктап, алардын иш аракеттеринин экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн теория-методологиялык негизин иштеп чыгуу жана негиздөө болуп саналат.

Изилдөөнүн максатына ылайык, төмөнкү **маселелер** коюлган:

- менчик жана чарба ишин жүргүзүүнүн ар түрдүү формаларына негизделген түзүлүштөрдүн шартында жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык башкаруунун теория-методологиялык аспектилеринин концептуалдык негизин аныктоо;
- чарбалардын жана ишканалардын иш-аракеттеринин анализинин негизинде жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун көрсөтүп, алдыга өнүктүрүү керектигин сунуш кылуу;
- чарбалардын жана ишканалардын өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорлатууда жер ресурстарын пайдалануунун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү жолдорун негиздөө;
- жалпысынан чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана элеттиктердин социалдык маселелерин чечүү багытында жер ресурстарын пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгып, сунуш кылуу;
- жалпы товар өндүрүүчүлөрдүн иш-жагдайын уюштурууда жер ресурстарын пайдалануунун экономикасын чыңдоо максатында алардын каржы маселесине байланыштуу абалын андан ары жакшыртуу жоболору негиздеп иштеп чыгуу;
- чарбалардын жана ишканалардын иш-аракеттеринин анализинин негизинде жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун көрсөтүп келечектеги чыгарган товарларын божомолдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун жолдорун аныктоо.
- өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн негизинде жер ресурстарынын ичинен сууну сарамжалдуу пайдаланууну жана ага болгон сарптоолордун түзүмүн модельдөөнүн базасын оптималдаштыруу жолдорун иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Рынок экономикасы мамилелерин өздөштүрүү шартында жер ресурстарын пайдалануу боюнча чарба өндүрүшүндөгү ири жана кичи ишканаларды натыйжалуу иштетип, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында алардын иш-аракетинин экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн теория-методологиялык негиздери иштелип чыкты.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.

- жер ресурстарын пайдаланuudагы экономикалык башкаруунун теориялык-метадологиялык аспектилеринин концептуалдык негизи аныкталды;
- ишканалардын иш аракеттерин талдоонун негизинде жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугунун негизинде ишканаларды өнүктүрсө боло тургандыгы сунуш кылынды;
- инканалардын өндүрүшүнун натыйжалуулугун жогорулатууда жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык маханизмдерин өркундөтүү жолдору негизделди;
- элеттиктердин социалдык көйгөйүн чечүүдө жер ресурстарын натыйжалуу пайдаланып, чарбалардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу жүзөгө ашырууга боло тургандыгы иштелип чыгылды жана сунуш кылынды;
- товар өндүрүчүлөрдүн иштерин уюштурууда жер ресурстарын пайдалануунун экономикасын көтөрүү максатында карылоо маселесин жакшыртуу жоболору иштелип чыгылды;

- жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун аныктап чыгырылган товарларды божомолдоонун негизинде башкарууну жакшыртуунун жолдору аныкталды;

- суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана ага болгон сарптоолордун түзүмүн модельдөөнүн базасын оптималдаштыруу жолдору иштелип чыгылды.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** катары заманбап экономикалык теориянын жоболору, жер ресурстарын пайдаланууда эл чарба өндүрүшүнүн чарба механизмин өркүндөтүү маселелери боюнча экономика тармагындагы кыргыз, орус жана чет элдик окумуштуулардын, адистердин монографиялары, макалалары, илимий билдирүүлөрү колдонулду.

Кыргыз Республикасынын Президентинин, өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин расмий документтери, материалдары, Улуттук статистикалык комитетинин статистикалык жыйнактарынын маалыматтары, мезгилдүү басмасөз каражаттарында басылып, жарыкка чыккан эксперттердин баа берүүлөрү жана башка ачык маалыматтар түздү.

Диссертациянын негизги жоболорун, корутундуларын жана сунуштарын жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу маселелеринин үстүнөн иштеген адистер, илимий-изилдөө мекемелер жана ошондой эле жогорку окуу жайларында атайын курстарды окуу учурунда колдонушса болот.

Кыргыз Республикасынын Евразиялык Экономикалык Биримдикке интеграцияланган бир мезгилде эл чарбасын түзүп, алардын иш-аракетинин алкагында жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык механизмин өркүндөтүү боюнча берилген сунуштар жалпысынан өлкөнүн социалдык жана экономикалык проблемаларын чечүүгө жардам берет.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор:**

- жер реформасын тереңдетип жана өнүктүрүүнүн негизинде жер мамилелерин өркүндөтүү;
- көп укладдуу экономиканын жана рынок мамилелеринин шартында жер пайдалануунун территориясын жайгаштыруу;
- жерлерди жайгаштыруу боюнча долбоор- издөөчүлөрдүн жумуштарын өркүндөтүү;
- бирдиктүү жер кадастры системасын киргизүү жана жерлерди жана кыймылсыз мүлктөрдү регистрациялоо;
- жерге мониторинг жүргүзүү;
- жер ресурстарын башкаруу системасын түзүү жана алып баруу;
-жерге жайгаштыруу, геодезиялык, жер кыртышы, геоботаникалык, картографиялык жана долбоор-изилдөөчү жумуштарды илимий-техникалык камсыздоонун деңгээлин көтөрүү;
- илим менен өндүрүштү итеграциялоо.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан региондордун экономикасы туруктуу өнүктүрүүдө жер ресурстарынын теориялык жана практикалык көз караштар жалпыланды жана толукталды.

**Натыйжалардын сыноодон өткөрүлүшү.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана корутундуларынын натыйжалары ар кандай республикалык жана ЖОЖдор аралык семинарларда, илимий-практикалык конференцияларда, билдирүүлөр жасалып, талкууланды.

**Диссертациянын жыйынтыктары басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Иштин жоболору, андагы сунуштар жана тыянактар автордун жалпы

көлөмү 5,8 б.т. түзгөн 19 басма эмгегинде чагылдырылган, анын ичинен 13 макала КР ЖАК тарабынан сунушталган журналдарда, 6 макала РИНЦ тутумуна кирген чет өлкөлүк журналдарда, эл аралык жана республикалык конференциялардын жыйынтыктарында жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Изилдөөнүн түзүлүшү алдыгы койулган жана чечилген максаттар, маселелер менен аныкталган. Иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, 116 аталыштагы колдонулган адабияттардын тизмесинен турат, 24 таблица, 7 сүрөт бар. Иштин жалпы көлөмү 184 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган натыйжалардын практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү, диссертациялык изилдөөнүн коргоого сунушталган негизги жоболору, изденүүчүнун жекече салымы, иштин натыйжаларын апробацияланышы, диссертациянын тузулушу жана көлөмү көргөзүлгөн.

**Биринчи бапта "Кыргыз Республикасынын экономикасын башкарууну изилдөө шартында жер ресурстарын пайдалануунун негизинде республиканын региондорунун экономикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча теориялык, илимий - методологиялык негиздери жана алардын мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүндөгү мүмкүнчүлүктөрү жана чектери" каралат.**

Кыргызстанда экономикалык реформанын жүрүшүндө эл чарба тармактарын өнүктүрүү, экспортко дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Бул максатты жүзөгө ашырыш үчүн чет өлкөлүк инвестициялар көбүрөөк тартылууда. Эл аралык валюта фонду, Дүйнөлүк банк, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы сыяктуу ал аралык финансы уюмдары республиканын экономикасын реабилитациялоо, жергиликтүү чийки заттардан экспортко ылайыктуу товар өндүрүүгө жөндөмдүү ишканаларды куруу багытында, чоң көмөк көрсөтүшүүдө. Бул багытта кийинки учурда Азия өнүгүү банкы, Эл аралык финансы корпорациясы жана Ислам өнүгүү банкы да активдүү жардам берүүдө.

Жер жана агрардык реформаны ишке ашырууда, айыл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда да экономикалык байланыштар маанилүү роль ойноодо. Азыркы мезгилде Кыргызстан азык-түлүк продукциялары менен өзүн-өзү толук камсыз кыла албай жатат. Мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланган учурда республика айыл чарба продукцияларын экспорттоого толук жөндөмдүү экендиги илимий жактан далилденген. Эгерде 1995-ж. республиканын сырткы карызы 600 млн америкалык долларды түзсө, 2020 жылга 4 млрд 759 млн (351 млрд 27 млн сом) долларга жетип калды. Адегенде берилген карыздарды төлөөнүн мөөнөтү биринин артынан бири бүтүп жатат. Ошондуктан берилген жардамды өндүрүшкө максаттуу түрдө кайтарым болгудай деңгээлде жумшоону эстен чыгарбашыбыз абзел. Кыргызстан келечекте эл аралык рынокко жүндү, ферментацияланган тамекинин жалбырагын, пахтаны, көп жылдык чөптүн, кант кызылчасынын, гибриддик жүгөрүнүн, жашылча-бакча өсүмдүктөрүнүн уруктарын көбүрөөк экспорттоого мүмкүнчүлүктөрү бар.

Жалпысынан алганда Кыргызстандын, ошондой эле Борбордук Азия мамлекеттеринин келечеги кеңири. Аймактын өлкөлөрү орточо киреше бар

мамлекеттердин катарына кирүүнү самап келатышат – алардын бул багыттагы аракеттерин ИДПнын өсүшү (жыл сайын 3-4 пайыздан көбүрөөк) эле айтып турат. Экономиканын туруктуу өнүгүшү тейлөө чөйрөсүнүн, мунайгаз тармактарынын жана жеке секторлордун өсүшүн камсыз кылат. Учурдагы чарбалык турмуштун жана ааламдашуунун этаптарында ар бир өлкөнүн же өлкөлөрдүн топторунун эл аралык алакалашуу иштерине катышуу деңгээли анын келечектеги тагдырын аныктоочу фактор болуп саналат. Бул толук бойдон өнүгүүсү катаал шартта жүрүп жаткан Борбордук Азия өлкөлөрүнө да таандык. Бардык адамзат коомунун экономикалык, саясый, социалдык жана маданий карым-катнашын камтыган ааламдашуунун жүрүшү дүйнөлүк өнүгүүнүн учурдагы этабындагы жалпы үстөмдүк кылган көрүнүш. Учурдагы шарттарда, ааламдашуунун текши эместигине байланышкан кесепети, изилдөөчүлөрдүн алдына бул ишке жаңы көзкарандысыз, биринчи кезекте, постсоветтик мамлекеттерди жана эл аралык аймактык бирикмелерди тартуу маселесин коюп отурат.

Кыргызстанда айыл чарба ишмердүүлүгү жети областта жүзөгө ашырыла турганы, алардын ар биринде айыл чарбасын жүргүзүүнүн шарттары бири биринен айырмаланары тарыхый түптөлүп калган. Бирок, алардын бардыгында айыл чарба өндүрүшүн башкаруу үчүн башкаруунун вертикалдуу органдары бар, алар менчик формасына жараша, министрликтер же ведомстволор түрүндөгү мамлекеттик башкаруу органдарынын, же айыл өкмөтү, райондук администрациялар же областтардагы өкмөттүн өкүлчүлүктөрү түрүндөгү жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын катышуусу караштырылган мыйзам жоболоруна таянып, айыл чарба процессин башкарууга катышат.

Региондук экономиканын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоонун эң маанилүү өбөлгөсү кайра өндүрүү процессинин динамикасынын бузулуусун жокко чыгаруучу, инвестициялык ишмердүүлүктү жөндөөнүн механизмдерин иштеп чыгууну талап кылуучу, региондун айыл чарба ишканаларынын инвестициялык ишмердүүлүгүн активдештирүүчү ички булактарды түртмөлөөнү жана ишке ашырууну камсыздоочу өндүрүштү үзгүлтүксүз жана даректүү инвестициялык камсыздоо механизмдерин издөө болуп саналат.

Кийинки жылдарда жасалып жаткан айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чаралары инвестициялык ишмердүүлүктү активдештирүүгө аз-маз түрткү болушту, бирок аларга салынган ишке ашыруу механизми, баарынан мурда региондордун каржылык мүмкүнчүлүктөрүнөн жана айыл чарба ишканаларынын көлөмү өтө чектелген өздүк каражаттарынан чыгат да, алардын өндүрүштүн деңгээлине таасир кылуусунун майнаптуулугу өтө төмөн бойдон кала берүүдө.

Кыргызстандын агрардык экономикасынын бардык чөйрөлөрүн кучагына алган инвестициялык кризис, айыл чарба өндүрүшүнө күчтүү таасир кылды да, базардык өзгөртүп түзүүлөр процессин токтоткон кыйла маанилүү факторлордун бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу биздин мамлекет жүргүзүшү тийиштүү ойлонулган жана так инвестициялык саясат түзүлгөн кырдаалдан чыгуу боюнча чаралар комплексинин негизги тогоосу болууга тийиш.

Бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк коомчулуктагы экономикасын чыңдоо жана мамлекетин бекемдөөнүн негизги фактору болуп алакалашуу иштерин тереңдетүү саналат. Ансыз биздин жаш мамлекетибиздин ролу да, жалпы алакалашуу биримдигиндеги орду да алсыз бойдон кала берет. Ошон үчүн биздин өлкөнүн тышкы дүйнө менен болгон кызматташуусунун жалпы эрежесин жана шарттарын түзүп чыгуусу керек. Ушуга байланыштуу биздин

өлкөнүн инновациялык өнүгүшү үчүн аймактык кызматташуунун теориялык, усулдук жана иш жүзүндөгү тажрыйбаларын акыл сыдыргысынан өткөрүү эң маанилүү маселелердин бири болуп турат. Азыркы учурда аймактык алакалашуунун көйгөйлөрүнүн өткөөл экономикалуу өлкөлөргө карата чагылышы өтө жеткиликсиз изилденген, колдо болгон иликтөөлөр аймактык алакалашуунун өнүгүшүнүн айрым аспектерин гана карайт. Ошол себептерди эске алып азыркы эмгекте Кыргызстандын Борбордук Азия мамлекеттери менен алакалашуунун жүрүшүнүн негизги багыттары жана Кыргыз Республикасынын инновациялык өнүгүшүндөгү экономикалык алакалашуусунун ролу изилденген.

Жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгү өлкөнүн тышкы байланыштарын уюштурууда чоң салымдары бар. Бул чөйрөдө кызматкерлер, адаттагыдай салыштырмалуу жаштар жана орто жаштагы кызматкерлер түзөт. Алар өндүрүшкө жаңылык киргизүүгө, ички жана тышкы орундарга татыктуу орун алуу аракеттери. Бизнестен пайда табуунун жолдорун издешет. Мындай аракеттер экспорттук жана импорттук операцияларга түздөн-түз таасирин тийгизип, кала берсе Кыргызстанда көп жылдан бери калыптанып калган импорттун көлөмүн экспортко караганда бир топ жогору болгон терс көрүнүштөрдү жоюуга да көмөктөш болот. (Таблица 1.1.)

**Таблица 1.1.– Чакан бизнестин аймактар боюнча экспорттук жана импорттук операциялары (миң доллар)**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспорттук операциялар** | | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 228650,6 | 338698,8 | 452074,7 | 457039,1 | 323853,7 | 331909,5 |
| Баткен облусу | 642,4 | 980,4 | 1224,7 | 1286,5 | 1447,4 | 1509,7 |
| Жалал-Абад облусу | 15969,3 | 39330,1 | 49609,1 | 16563,6 | 20442,6 | 22480,7 |
| Ысык-Көл облусу | 1428,6 | 3255,0 | 1876,8 | 1115,5 | 1568,8 | 1648,2 |
| Нарын облусу | 468,7 | 543,8 | 365,0 | 345,3 | 606,3 | 742,1 |
| Ош облусу | 7226,2 | 17876,6 | 13670,0 | 8696,4 | 7292,9 | 7628,3 |
| Талас облусу | 10835,5 | 30512,6 | 20172,7 | 44894,5 | 25785,6 | 21284,3 |
| Чүй облусу | 40391,3 | 22567,6 | 25905,6 | 22017,3 | 26469,7 | 31804,5 |
| Бишкек шаары | 145484,1 | 269188,0 | 313141,6 | 326605,4 | 217825,7 | 223593,3 |
| Ош шаары | 6204,5 | 4444,8 | 26028,3 | 35516,7 | 22414,8 | 21318,7 |
| **Импорттук операциялар** | | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 1270661,7 | 1345205,8 | 1588362,9 | 1736303,1 | 1663784,6 | 1550450,3 |
| Баткен облусу | 976,4 | 675,5 | 12691,6 | 16318,8 | 10147,2 | 11843,2 |
| Жалал-Абад облусу | 21020,3 | 23444,9 | 20173,3 | 7640,4 | 24090,2 | 32990,8 |
| Ысык-Көл облусу | 4241,7 | 18963,7 | 4182,4 | 8648,8 | 10854,6 | 15664,6 |
| Нарын облусу | 2198,1 | 1041,9 | 2318,3 | 3995,3 | 3555,1 | 2464,0 |
| Ош облусу | 76047,4 | 124716,7 | 128133,2 | 142571,0 | 150344,8 | 110650,2 |
| Талас облусу | 766,4 | 1192,1 | 1617,7 | 1849,2 | 2956,0 | 3012,5 |
| Чүй облусу | 83732,4 | 73074,1 | 217950,7 | 228095,0 | 111229,0 | 205346,6 |
| Бишкек шаары | 979388,8 | 983215,1 | 1057152,5 | 1150330,5 | 1159036,4 | 989626,4 |
| Ош шаары | 102290,2 | 118881,8 | 144163,1 | 177454,2 | 191581,4 | 178852,0 |

**Булагы: автор тарабынан түзүлдү** [stat.kg Бишкек 2014-2019 КР УСК]

1.1. Таблицадагы  маалыматтарга ылайык жер ресурстарын иштеткен ишканаларда колдонулган импорт товарларынын көлөмү экспорт товарларына караганда республика боюнча 2019-жылы 5 эседен көп. Башкача айтканда импорттун көлөмү 1550450,3 АКШ доллары болсо, экспорт араң 331909,5 АКШ долларын түздү. Бул деген Республикадагы тышкы иштер байланышында олуттуу көйгөйлөр бар экендигин билдирет. Ошондуктан экспортко багытталган товарларды көбөйтүү жер ресурстарын иштеткен бизнестин дагы бирден бир перспективалуу маселеси катары карасак болот.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй экспортто республика боюнча 2019-жылы чакан ишканалардын үлүшү 17,2%ды түздү, ал эми региондор боюнча бул көрсөткүч Баткен облусунда 9,1%, Жалал-Абад облусунда 19,2%, Ысык-көлдө 5,8%, Нарын облусунда 81,0%, Ош обусунда 30,6%, Талас облусу 55,8%, Чүй облусу 16,6%, Бишкек шаары 18,8% жана Ош шаары 52,3%ды түздү. Мындай мүнөздөмөлөр Нарын жана Талас облустарында орто бизнестин үлүшү жок эсе экендигин билдирет.

**Экинчи бапта. "Жер ресурстарын иштеткен ишканаларды уюштуруунун жана иш алып баруунун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн учурдагы абалы" каралды.**

Учурда Кыргызстанда рынок мамилелери экономиканын бардык секторлорунда тийиштүү деңгээлде орнотулган жана практикада кеңири колдонулуп келе жатат. Ошондой болсо дагы биздин оюбузча рынок мамилелеринин тереңдиги жана массалык түрдө колдонулушунда кээ бир маселелер бар. Мисалы рынок сунуш жана талаптын баланстуулугун талап кылат, башкача айтканда өндүрүлүп жаткан товарлар жана кызматтар рыноктогу талаптарга жооп бериш керек.

Бирок мындай балanska жетүү үчүн бир топ жылдар бар, алардын эң негизгилери биздин оюбузча эки багытта болуш керек. Биринчиден суроо-талапты билүү үчүн аларды терең изилдеш керек. Бул илимде маркетингдик изилдөө аркылуу жүргүзүлөт, башкача айтканда товарды жана кызматтарды чыгаруудан мурун суроо-талаптардын көлөмүн, багытын, кете турган каражаттарды алдын ала эсептеп жана башка жолдор менен аныкталат. Мындай көп эмгекти талап кылганына карабастан азырынча рынокту ишенимдүү жолдордон болуп эсептелет.

Экинчи жактан тийиштүү балансты камсыз кылууда товарларды жана кызматтарды керектөөлөрдүн суроо талаптарына дал келе турган товарларды жана кызматтарды жасоо. Бул деген суроо талаптардын келечектеги тенденцияларын алдын ала билүү. Мунун өзү товарлардын сапаты, алардын практикада колдонулушунун ыңгайлуулугу жана эң негизгиси болуп алардын баалары менен байланышкан. Кептин бардыгы товар өндүрүүчүлөр жактан керектөөчүлөрдүн купулуна толо турган сапатту товарларды чыгаруу болуп эсептелет.

Маселени тереңиреек карасак экинчи жак дагы рынокту изилдөө менен байланышкан, себеби ар кандай өндүрүүчү товар керектөөчүлөрдүн талаптарын жакшы билбей туруп рыноктук ийгиликтерди жарата албайт.

Албетте товарды ар кандай типтеги ишканалар жана ишкердик структуралар жаратат. Бирок алар башкача айтканда ишканалар ар түрдүү масштабда болгондуктан товарларды керектөөчүлөрдүн талабын кайсы типтеги ишканалар канааттандыра алат деген маселе чыгат. Биринчи иретте мындай ишканаларга чоң масштабдуу техника жана технология тактан кубаттуу, ар түрдүү жаңылыктарды киргизүүгө каражаттары жетиштүү ишканалар кирет.

Ушул эле учурда чоң жана орто масштабдагы ишканалардын өздөрүнүн көйгөйлөрү да артык. Алардын эң негизгилеринин бири улам өзгорүлүп турган рыноктогу талаптарга өз убагында жана тийиштүү мейкиндикте ийкемдүүлүк менен жооп кайтаруу маселеси турат. Мындай талапты аткарууда чоң ишканалар өзүнчө ийкемдүү, рыноктун шартына адаптиптүү структураларын түзүүсү зарыл. Мындай талаптын көпчүлүк бөлүгүн жогоруда айтылып кеткендей жер ресурстарын иштеткен ишканалар жана ишкердик структуралар түзөт. Алар чоң ишканалардын курамында гана болбостон көп учурда өз алдынча ишканалар болот, бирок чыгарган товарлары чоң ишканалардын прогаммасына түздөн-түз байланышта болот. Бул деген жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгүн чоң ишканалардын көрсөтмөлөрүндө өткөрөт дегенди билдирет. Алар ар бири өз алдынча эркин өндүрүш структуралары болгондуктан бири-бири менен байланышта келишим аркылуу жүргүзүлөт да рынок мамилелерине толук жооп берет.

Биздин талдообузга караганда Кыргызстанда жер ресурстарын иштеткен ишканалардын жана жалпы эле ишкердиктин пайда болуусу тууралуу жогоруда кыскача баяндап кеткенбиз. Бирок тагыраак талдоону талап кылган нерсе алардын пайда болушунун муктаждыгы, тартиби жана структурасы.

Адегенде жер ресурстарын иштеткен ишканалардын пайда болушу негизинен өлкөдө рынок мамилелерине өтүүдөгү жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу. Өзгөчө айыл чарбада, соодада, үй тиричилик кызматында, транспортто, коомдук тамактанууда жана башка чөйрөлөрдө административдик ыкмалар да коштоп жатты.

Ишкердүүлүктүн структурасы, алардын ичинен жер ресурстарын иштеткен ишкердиктин ишмердүүлүгү дагы калыптанып, учурда системалык түрдө ар бир сектордун өзгөчөлүктөрүнө ылайык ишканалардын тобун айтсак болот. Муну таблица менен да көрсөтүүгө болот (2.1-таблица).

**Таблица 2.1. Жер ресурстарын иштеткен жана орто ишканалардын экономикалык ишмердиктүн түрлөрү боюнча саны**

| | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы ишканалар, бардыгы: | 12161 | 12211 | 11931 | 12549 | 13505 | 13750 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 11338 | 11371 | 11127 | 11749 | 12712 | 12885 |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 392 | 419 | 497 | 456 | 468 | 472 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 366 | 391 | 470 | 429 | 443 | 446 |
| Өнор жай | 2100 | 2081 | 2020 | 2113 | 2223 | 2280 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1947 | 1901 | 1867 | 1960 | 2080 | 2098 |
| Иштетүү өндүрүшү | 1608 | 1587 | 1547 | 1624 | 1686 | 1691 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1480 | 1447 | 1421 | 1500 | 1570 | 1580 |
| Электроэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 41 | 42 | 40 | 38 | 33 | 30 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 35 | 35 | 35 | 33 | 31 | 28 |
| Курулуш | 1294 | 1310 | 1343 | 1321 | 1497 | 1516 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1242 | 1254 | 1189 | 1277 | 1448 | 1480 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 3385<br>3236 | 3363<br>3212 | 3110<br>2962 | 3253<br>3095 | 3419<br>3247 | 3524<br>3338 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 592<br>598 | 590<br>539 | 643<br>598 | 732<br>683 | 764<br>722 | 780<br>740 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 215<br>190 | 218<br>200 | 224<br>196 | 245<br>212 | 246<br>210 | 252<br>215 |
| Маалымат жана байланыш<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 529<br>470 | 548<br>494 | 501<br>445 | 505<br>467 | 560<br>525 | 590<br>550 |

**Булагы: автор тарабынан түзүлдү** [stat.kg Бишкек 2014-2019 КР УСК]

Жогорудагы 2.1.таблица көрсөткөндөй 2018-жылдын биринчи январында Кыргыз Республикасынын аймагында 12885 чакан ишкана иштеген. Ишканалардын түзүлүшүнө ар түрдүү факторлор таасир этет, алардын негизгилери болуп ишканаларды түзүүгө муктаждык, ишкердүүлүккө коюлган талаптар, мыйзам алкагында көрсөтүлгөн жоболор, жумуш менен камсыздоодогу муктаждык жана башкалар кирет. Ал эми жер ресурстарын иштеткен ишканалардын иш алып кетүүсүндө башка структуралардай эле өлкөдөгү көп жылдардан бери өкүм сүрүп келе жаткан экономикалык кризистин да таасири бар.

Тилекке каршы өндүрүштө жана Кыргызстандын камсыздоосунда чакан бизнестин үлүшү аймактарда жогору эмес, бүтүндөй республика боюнча айыл чарбасынын маанилүү фактору болуп келди. Ушул эле маалда өлкөдө чакан бизнестин үлүшү экономикалык өсүштө 60-70 пайызды түзөт.

Эми ишканалардын түрлөрүнө жараша жер ресурстарын иштеткен бизнестеги кызматкерлердин санын карап көрөлү (таблица 2.2.)

**Таблица 2.2.-Ишканалардын кызматкерлеринин экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча тизмелик саны**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы:<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 88573<br>50209 | 85930<br>45940 | 87420<br>49994 | 87876<br>50956 | 88461<br>51962 | 93605<br>52949 |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 5415<br>2711 | 5560<br>2560 | 5641<br>2974 | 5436<br>2716 | 5187<br>2551 | 5220<br>2570 |
| Өнөр жай<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 30924<br>15803 | 30575<br>13890 | 29993<br>15035 | 30521<br>15114 | 30050<br>15329 | 30442<br>15541 |
| Иштетүү өндүрүшү<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 24844<br>12450 | 24354<br>11126 | 23711<br>11818 | 23714<br>11747 | 23458<br>11931 | 23612<br>12005 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Электроэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 911<br>293 | 1107<br>317 | 807<br>267 | 833<br>276 | 508<br>309 | 540<br>334 |
| Курулуш<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 13142<br>8539 | 12691<br>8110 | 12792<br>8340 | 12144<br>8695 | 12492<br>8634 | 12620<br>8783 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 12738<br>8678 | 11611<br>7477 | 12273<br>8321 | 12685<br>8544 | 12765<br>8324 | 12832<br>8368 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 3236<br>1759 | 3008<br>1636 | 3089<br>1933 | 3245<br>2018 | 4293<br>3171 | 4326<br>3197 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 1441<br>816 | 1210<br>780 | 1540<br>841 | 1664<br>884 | 1705<br>823 | 1723<br>840 |
| Маалымат жана байланыш<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 3193<br>1500 | 3386<br>1735 | 2787<br>1300 | 2465<br>1407 | 2245<br>1287 | 2290<br>1311 |

**Булагы: Маалымат булагы: автор тарабынан түзүлдү** [stat.kg Бишкек 2014-2019 КР УСК]

Жогоруда 2.2.таблица көрсөткөндөй жер ресурстарын иштеткен ишканаларда иштегендердин саны жалпысынан туруктуу эмес көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Мисалы, 2014-жылы 88573 жумушчу болсо, ал эми 2018 жылдын 1-январына 93605 киши болгон. Ошол эле учурда, өзгөчө айыл чарбада, өнөр жайда, курулушта, жумушчулардын санынын жыл өткөн сайын азайгандыгы байкалат. Ушул эле учурда соодада кызмат көрсөтүүчү, мисалы мейманканаларда, коомдук тамак аш өндүрүшүндө жумушчулардын өскөндүгү байкалат. Албетте мындай көрүнүштөрдү кадимки рынок шартындагы болуп жаткан кубулуштар катары эсептесе болот. Себеби мындай көрүнүштөр дүйнөлүк тенденцияга да окшошуп кетет. Айтсак дүйнөлүк экономикада реалдуу секторлордо айыл чарбасы, өнөр жайдын үлүштөрү бир аз болсо да азайгандыгы, ал эми кызмат көрсөтүүнүн үлүшү көбөйгөнүн кадыр эсе болуп жаткан иш сыяктуу көрсөк болот.

Ушул эле учурда жалпы экономиканын өсүшүндө мындай тенденциялардын тескери жактары да бар. Себеби өндүрүш тармактардын үлүшүнүн азайышы жаңы кошумча нарк салыгынын азайышына же болбосо жаңы нарктын көлөмүнүн төмөндөшүнө алып келет.

Кыргызстанда чарбаларды кооперативдештирүү жөнүндө –жылы мыйзам кабыл алынган. Ушуга байланыштуу өкмөттүн жана жергиликтүү өзөн-өзү башкаруу органдары такай үгүт иштерин да жүргүзүп келе жатат. Бирок кооперативдик кыймыл учурунда токтоп калгансыйт же болбосо формалдуу түрдө, башкача айтканда кагаз жүзүндө гана жүрүп жатат. мисалы, Ош облусунда 14 кооператив бар, алардын бешөө кагаз жүзүндө, -сегизинде кооперативдердин 7-10

го чейин мүчөлөрү бар, бирөөндө гана 35 мүчө катталган. Алардын уставдары көпчүлүк учурда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдын жоболоруна ылайык келбейт. Жер ресурстарын иштеткен ишканалардын экономикалык көрсөткүчтөрү алардын өндүрүп чыгарган товарларына байланыштуу. Адегенде өнөр-жай секторундагы жер ресурстарын иштеткен ишканалардын көрсөткүчүнө кайрылабыз (таблица 2.3).

**Таблица 2.3. – Жер ресурстарын иштеткен ишканалардын өнөр жай продукцияларынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) айрым түрлөрүнүн көзөмөлү**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгиндеринин уну, миң тонна | 188,4 | 136,8 | 195,4 | 152,8 | 276,2 | 312,8 |
| чакан ишканалар | 66,7 | 41,2 | 47,6 | 41,1 | 82,8 | 96,7 |
| Өсүмдүк майы, тонна | 2411,8 | 1935,5 | 585,5 | 363,3 | 383,8 | 378,9 |
| чакан ишканалар | 2329,9 | 1820,1 | 585,5 | 2,3 | 5,9 | 5,0 |
| Көңдөй, кызартылбаган макарон азыктары, тонна | 8531,2 | 8944,7 | 4190,6 | 7186,1 | 10951,3 | 12437,1 |
| чакан ишканалар | 184,5 | 283,5 | 400,6 | 39,1 | 311,8 | 427,5 |
| Газдаштырылган татту эмес жыттандырылбаган минералдык суулар, миң тонна | 4854,7 | 7111,9 | 8343,5 | 10432,4 | 9559,7 | 10134,6 |
| чакан ишканалар | 4498,1 | 5988,1 | 3797,5 | 3143,3 | 2182,2 | 2348,1 |
| Этил спирти, миң тонна | 2357,0 | 2329,4 | 2817,9 | 2849,1 | 4483,5 | 5173,9 |
| чакан ишканалар | 2357,0 | 137,4 | 86,9 | 93,1 | 414,5 | 512,8 |
| Бут кийим, миң түгөй | 3085,4 | 5012,7 | 2589,6 | 2038,8 | 3007,4 | 3289,3 |
| чакан ишканалар | 3085,4 | 5012,7 | 2589,6 | 2037,2 | 3007,4 | 3289,3 |
| Бөтөлкө, флакон, жана ушул өңдүү пластмассадан жасалган буюмдар, миң даана | 166,9 | 205,2 | 222,1 | 392,1 | 258,3 | 342,5 |
| чакан ишканалар | 0,8 | 3,2 | 14,8 | 101,2 | 3,2 | 9,4 |
| Эшик, терезе, алардын четиндеги жыгачтары, эшиктин босогосу, жалюзи жана ушул өңдүү буюмдар, миң кв.м | 54,8 | 68,4 | 46,1 | 51,4 | 47,2 | 42,9 |
| чакан ишканалар | 54,8 | 68,4 | 46,1 | 51,4 | 47,2 | 42,9 |
| Эмерек, млн. Сом | 278,9 | 337,8 | 429,7 | 487,7 | 424,1 | 462,6 |
| чакан ишканалар | 184,8 | 140,9 | 180,2 | 178,3 | 148,8 | 162,9 |

**Булагы: автор тарабынан түзүлдү** [stat.kg Бишкек 2014-2019 КР УСК]

2.3.Таблица көрсөткөндөй изилдөө мезгилинде өнөр жай товарларын чыгаруунун көлөмү ар түрдүү көрүнүштө болду. Мисалы, дан өндүрүү, макарон өндүрүүлөр жана бөтөлкө пластмассалык буюмдар өскөн, калган продукцияларды өндүрүү, мисалы этил спирти, бут кийим чыгаруу, эмерек жасоо ж.б. көлөмү азайган. Муну рынокто суроо-талаптар менен түшүндүрсө болот. Мисалы, жыгачтан эшиктерди жасоо суроосу кескин түрдө азайып, алардын ордуна пластикалык эшиктерди жана терезелерди жасоо өскөн, ушундай эле көрүнүш эмеректерди жасоодо байкалат. Дагы бир тенденция катары жер ресурстарын иштеткен ишканалардын көлөмү улам өскөн сайын алар орто бизнеске айланат да, анда жогорудагы көрсөткүчтөр башка түрдө да болушу мүмкүн. Мисал катары төмөнкүлөрдү айтсак болот: 2018-жылы дан эгиндеринин унун чыгарууда орто бизнестин үлүшү 43,4%, чакан ишканалардыкы 18,6%, ушундай эле көрүнүш өсүмдүк майы тиешелүү иретте 2,7% жана 0,1%, бут

кийимди чыгаруучу орто бизнесте 0% жана жер ресурстарын иштеткен бизнесте 99,6, эмеректерди жасоо орто бизнесте 41% жана 22,1% ж.б.у.с.

Демек чакан ишканаларда негизинен бут кийимдер, эмеректер, макарон, дан өсүмдүктөрүнүн ундары чыгарылат.

Чакан ишканаларды инвестициялоо региондордогу инвестициялык жагымдуулуктан жана климаттан да көз каранды. Чындыгында регионалдык инвестициялык чөйрө жер жерлерде инвестиция тартуу климаттарына да жараша болот. Тактап айтканда ар бир территориянын инвестициялык потенциалы болот. Ал потенциал негизинен жер жана суу ресурстары, тоо-кен байлыктарынын запастары, инфраструктуранын абалы, бизнести алып баруучу адистердин квалификациясы жана жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Төмөнкү таблицада чакан ишканаларга тике чет өлкөлүк инвестициялардын аймактар боюнча түшүүсү чагылдырылат (таблица 2.4).

**Таблица 2.4. – Жер ресурстарын иштеткен ишканаларга тике чет өлкөлүк инвестициялардын аймактар боюнча түшүүсү (млн.АКШ доллары)**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 162,2 | 204,5 | 242,7 | 303,3 | 216,2 | 239,7 |
| чакан ишканалар | 132,9 | 171,1 | 128,5 | 233,2 | 134,1 | 142,0 |
| Баткен облусу | 2,6 | 56,5 | 11,6 | 6,7 | 4,4 | 6,0 |
| чакан ишканалар | 2,6 | 56,5 | 11,6 | 1,0 | 1,6 | 2,0 |
| Жалал-Абад облусу | 45,6 | 7,1 | 7,9 | 27,6 | 16,8 | 16,2 |
| чакан ишканалар | 45,6 | 7,1 | 7,9 | 27,6 | 13,7 | 12,4 |
| Ысык-Көл облусу | 1,2 | 1,6 | 1,6 | 5,1 | 3,2 | 4,0 |
| чакан ишканалар | 1,1 | 0,4 | 0,3 | 4,6 | 2,5 | 2,1 |
| Нарын облусу | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,2 | 0,0 | 1,2 |
| чакан ишканалар | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,2 | 0,0 | 1,2 |
| Ош облусу | 4,0 | 13,1 | 7,6 | 19,4 | 2,9 | 6,3 |
| чакан ишканалар | 4,0 | 13,1 | 7,6 | 18,7 | 1,9 | 4,0 |
| Талас облусу | - | 2,3 | 10,2 | 2,2 | 34,4 | 6,8 |
| чакан ишканалар | - | 2,3 | 1,6 | 2,2 | 34,4 | 6,8 |
| Чүй облусу | 16,0 | 33,7 | 71,7 | 17,4 | 4,6 | 8,2 |
| чакан ишканалар | 14,9 | 32,4 | 0,5 | 15,2 | 1,2 | 4,4 |
| Бишкек шаары | 92,6 | 89,8 | 132,0 | 224,7 | 149,3 | 185,9 |
| чакан ишканалар | 64,5 | 59,8 | 98,9 | 163,7 | 78,2 | 104,0 |
| Ош шаары | - | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,6 | 5,1 |
| чакан ишканалар | - | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,6 | 5,1 |

**Булагы: автор тарабынан түзүлдү** [stat.kg Бишкек 2014-2019 КР УСК]

Келтирилген 2.4.таблица көрсөткөндөй аймактар боюнча инвестиция негизинен азайган Ысык-Көл, Талас облустуранын башка. Ал эми эки борбор шаарда Бишкек жана Ош инвестийиянын көлөмү жогорулоо тенденциясы байкалат.

Эгерде чакан ишканалардын ишмердүүлүгүн тереңирээк талдасак, анда дүң жана чекене соода тармагы көңүл бурат. Сооданын негизинен жүрүшү бир топ факторлордон көз каранды. Алардын эң негизгилеринен болуп үй-бүлөлүк керектөөчү товарларды жана кызматтарды сатып алуудагы калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Жөндөмдүүлүктүн өзү айлык акыга, пенсия, пособиенин көлөмүнө жана башка кирешенин булактарынан көз каранды, башкача айтканда калктын канчалык сатып алуучу жөндөмдүүлүгү жогору болсо, ошончолук суроо-талаптын пайда болушу да белгилүү. Бирок ушул эле мезгилде керектөөчү

товарларды жана кызматтарды сатып алууда рациналдуу жана иррационалдуу жолдорду дагы эске алуу зарыл.

Жалпысынан айтканда жер ресурстарын иштеткен ишканалардын пайдалуулугу алардын финансылык көрсөткүчтөрү менен аныкталат. Төмөндө экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жер ресурстарын иштеткен ишканалардын продукцияларын сатуудан түшкөн каражат (таблица 2.5).

**Таблица 2.5– Жер ресурстарын иштеткен ишканалардын продукцияларын сатуудан түшкөн каражат (экономикалык секторлор боюнча), млн.сом.**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 52049,8 | 59739,2 | 80205,4 | 77784,8 | 82433,1 | 86183,9 |
| чакан ишканалар | 27845,1 | 31525,8 | 38006,1 | 42717,0 | 47947,2 | 49694,5 |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 845,3 | 1324,6 | 1794,6 | 2760,3 | 2565,1 | 2445,6 |
| чакан ишканалар | 481,3 | 839,6 | 1165,6 | 1628,6 | 1434,2 | 1400,8 |
| Өнор жай - бардыгы | 23561,2 | 27619,7 | 31476,7 | 33886,9 | 36136,9 | 38434,4 |
| чакан ишканалар | 11515,0 | 12252,7 | 13411,1 | 14896,2 | 18368,3 | 19699,3 |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1113,9 | 1426,1 | 2125,8 | 2299,7 | 2917,0 | 2998,7 |
| чакан ишканалар | 624,3 | 800,2 | 998,4 | 1330,1 | 2045,7 | 2117,6 |
| Иштетүү өндүрүшү | 21437,4 | 24985,8 | 27976,6 | 30264,0 | 32070,6 | 34186,6 |
| чакан ишканалар | 10369,8 | 10942,7 | 11792,9 | 12933,6 | 15653,9 | 16884,7 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 686,4 | 889,2 | 1004,0 | 889,0 | 630,9 | 701,4 |
| чакан ишканалар | 253,1 | 327,8 | 355,9 | 378,2 | 396,5 | 412,5 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 323,4 | 318,5 | 370,4 | 434,2 | 518,4 | 547,7 |
| чакан ишканалар | 267,8 | 182,0 | 263,9 | 254,3 | 272,2 | 284,5 |
| Курулуш | 11732,1 | 12405,5 | 23531,9 | 16156,2 | 15310,4 | 14663,5 |
| чакан ишканалар | 7038,4 | 7895,7 | 8540,2 | 11360,8 | 10671,3 | 10554,3 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 6057,8 | 6864,6 | 9619,8 | 9714,9 | 11035,3 | 12994,5 |
| чакан ишканалар | 3758,8 | 4400,0 | 6498,0 | 6244,7 | 7117,7 | 8763,4 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 1664,4 | 1728,6 | 2040,2 | 2573,6 | 2748,4 | 2876,9 |
| чакан ишканалар | 779,9 | 785,4 | 1533,6 | 1769,6 | 1793,9 | 1842,3 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги | 279,3 | 344,6 | 584,7 | 615,4 | 847,5 | 968,5 |
| чакан ишканалар | 130,7 | 222,4 | 249,4 | 258,4 | 264,0 | 310,4 |
| Маалымат жана байланыш | 1645,8 | 1807,3 | 1857,1 | 2012,8 | 2161,6 | 2258,3 |
| чакан ишканалар | 799,3 | 935,0 | 842,4 | 1015,8 | 1150,0 | 1124,0 |

**Булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.**

Жогоруда 2.5.таблица көрсөткөндөй жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгүндө экономиканын бардык тармактарында тийиштүү

деңгээлде өсүш бар. Мунун өзү жер ресурстарын иштеткен ишканаларлын керектүү экендигин жана алардын дүң продукциясын өндүрүүдөгү салымы өсүп бараткандыгын билдирет. Кыскасын айтканда экономиканын кандай сектору болсун анын ишканаларынын иштетүүдөн түшкөн пайдасы олуттуу орунду ээлейт. Өлкөнүн аймагындагы жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ичинен 2018-жылдын маалыматы боюнча 43,3% субъектилер пайда алуу менен, чыккан же 2014-жылга салыштырганда 7,3% көптүк кылат. Мындай көрсөткүч чарба түрлөрү боюнча бирдей эмес. Алсак, айыл чарбасыныкы 47,0%ды, кыймылсыз мүлктөрдүн операциясы 46,1%ды, соода жана автомобилдерди оңдоо, жеке керектөө предметтерин пайдаланууда 45,1%ды, түзгөн. Ошол эле учурда жер ресурстарын иштеткен бизнестин негизинде калыптанган ишканалардын бир бөлүгүнүн кирешесине караганда чыгашасы арбын болуп калган. Булардын катарына финансылык иш жагынан алектенгендерде 42,2%ды, коммуналдык, социалдык, жана жекече тейлөө көрсөтүү чөйрөсүндө 39,0%ды, мейманканаларда, ресторандарда 38,8%ды камтыган.

**Үчүнчү бапта “Базар экономикасынын азыркы шартында жер ресурстарын пайдалануунун уюштуруу – экономикалык жана илимий – методикалык жактан башкарууну жакшыртуу жана келечекте жер ресурстарын пайдалануудагы негизги маселелерин жана көйгөйлөрун чечуу жана оптимизациялоо жолдору” каралды.**

Жер өзүнчө активдүү кургактыктын, жер кыртышынын участкаларын эң жогорку бөлүгү, айыл чарбасынын жер өндүрүшүнүн башкы каражаты болуп саналат. Табийгат-чарбалык мүнөздүү сапаты менен, жерди белгилөөнү жана пайдаланууну, ошондой эле аларды коргоо жана тартипке келтирүү иш чараларын аныктайт. Жердин аныктоосунда, аны татаал табийгат-чарбалык комплекс катары, жер кыртышы анын негизги составдык бөлүгү, эң толук маанисин жана касиетин көрсөтүүчү, анын негизги мыйзам ченемдүү өнүгүүсү катары каралат.

Республиканын жер фондусунун жалпы аянтынын айыл чарба жерлерине 10515,4 миң га туура келет, анын ичинде айдоо аянты 1203,2 миң га, жайыт - 9068,7 миң га, чөп чабынды – 169,3 миң га, жана көп жылдык өсүмдүктөр – 36,3 миң га.

Жер кыртышынын өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү, айыл чарбасынын өндүрүшүн туруктуу өстүрүүдө жана анын кайта өндүрүүсүндө негизги фактор болуп калат. Жер кыртышын түзүүдө жана туруктуу түшүм алууда гумустун – органикалык заттын оң балансы, биологиялык процесстердин энергетикалык негизи жана өсүмдүктөрдүн өсүшүнүн табийгый регулятору болуп саналат.

Жер реформасынын зарылчылыгы мурдагы жылдардагы түзүлгөн жер мамилелеринин объективдүү себептер менен социалдык-экономикалык мүнөздө болгон. Ошол мезгилдеги жер пайдалануунун тартиби агрардык сектордун рыноктук мамилелеринде да, башка тармактарды да токтотуп келген.

Жерди менчиктештирүү негизинен төмөнкү жолдор менен аткарылды:

- реформага чейин колхоздорго, совхоздорго жана башка айыл чарба ишканаларына бекитилген жерлерди, жер үлүштөрүнө бөлүү;
- граждандарга жана юридикалык адамдарга, мурда мөөнөтсүз (дайыма) пайдаланган участкаларды менчикке кайра каттоо;
- жаңы участкаларды менчикке берүү (акысыз же сатып алуу).

Белгилей кетиш керек, айыл чарба өндүрүшүндө пайдаланган жерлерди менчиктештирүүнүн зарылчылыгы, экономикалык себептер гана эмес (товар өндүрүүчүлөрдү кызыктыруу, жердин рыноктук айланышынын мүмкүнчүлүгү),

ошондой эле социалдык себептер да болду (социалдык чыңалууну алып салуу, мурдагы элдердин карамындагы участкаларды ишенимдүү коргоо аркылуу, айыл чарба жерлерин айылда жашаган элдердин ортосунда гана бөлүштүрүү)

Жер – бул табигаттын бергени, эмгектин продуктусу эмес. Ага карабастан, ал товардын формасын алат, ал сатылат жана сатып алынат. Жер участкалары эми аренда менен тең граждандарга жана юридикалык жактарга сатылат.

Айыл чарбасында жерди пайдалануунун экономикалык эффективдүүлүгү көрсөткүчтөрдүн системасы менен аныкталат:

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү;
- продукциянын өзүнүн наркы;
- дүң продукция, дүң киреше, таза киреше же 1 га айыл чарба жерлеринен пайда табуу;
- дүң продукцияны чыгаруу, бир бирдике жер иштетүүдө өндүрүштүк чыгаша (эмгектик, материалдык).

Жерди пайдаланууну эффективдүүлүгүн көтөрүүнүн негизги жолдору:

1. Айыл чарбасын ыраатуу интенсификациялоо жана интеграциялоо.
2. Айыл чарбасын жаңы техникалар менен жабдуу.
3. Жаңы технологияларды жана алдынкы тажырыйбаларды киргизүү;
4. Айыл чарба өндүрүшүнө специализацияны жана концентрацияны киргизүү;
5. Минералдык жана органикалык жер семирткичтерди туура пайдалануу;
6. Жерлерди мелиорациялоо жана аларды айыл чарбасында өздөштүрүү;
7. Селекция жана жогорку түшүмдүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сортторун киргизүү.

Мындай тапшырманы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн иштетүүнү күчөтүү чечет. Акыркылар, илимдин жаңы жетишкендиктерине, алдыңкы тажрыйбага жана эмгектин жогорку сапатына негизделет. Ал өндүрүштүн факторлорун оптималдаштыруунун негизинде, өсүмдүктөрдүн генетикалык потенциалын жана жерди, эмгекти жана материалдык ресурстарды толук пайдаланып продукциянын максималдуу чыгышын камсыз кылат.

Ал эми сууну пайдалануу тармагындагы ишканалардын экономикалык башкаруусунун механизмдери, ыкмалары, кээ бир көрсөткүчтөрү, мисалы, статистикада чарба отчетторунда ишканалардын экономикалык натыйжалуулугунун эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири аталган эмгектин өндүрүмдүүлүгү көрсөткүчү изилденбей жана каралбай, таптакыр жоголуп кетүү денгээлинде турат. Ошондой шартта сууну пайдалануу тармагындагы ишканалардын ишин оптимизациялоо маселеси биринчи орунга чыгышы шексиз. Сууну пайдалануу тармагындагы ишканаларды башкарууда моделдик же моделирование ыкмалары менен иш алып баруунун методологиялык негиздери диссертациялык жумуштун бир багыты болуп саналат жана аны баалоо боюнча иш-чараны 3 багыт боюнча ишке ашыруу сунушталган:

1) сууну пайдалануу тармагындагы ишканаларды башкаруунун методологиясын иштеп чыгуу;

2) башкаруу системасынын элементтерин модель жолу менен аныктоо;

3) компьютердин жардамы менен маалыматтардын моделин түзүү.

Илимде моделдин алдынкы ыкмалары тизмегинде башкаруу системасын иштеп чыгуу жолу кеңири колдонулат. Диссертацияда Улуттук статистикалык башкарманын малыматтарына таянып, Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы сууну пайдалануу тармагындагы ишканаларынын акыркы 5 жылдык

ишин оптимизациялык абалын аныктаганбыз. Аны төмөндөгү таблицанын маалыматында чагылдырганбыз:

**Таблица 3.1. Сууну пайдалануу тармагы боюнча 2021-2025 жылдарга алдын ала божомолдоо (млн.сом)**

| жылдар | Продукция чыгаруу (божомол) | Ишеним интервалы | |
|---|---|---|---|
| | | ылдыйкы | жогорку |
| **2021** | 115,7 | 113,0 | 141,0 |
| **2022** | 123,4 | 120,0 | 147,0 |
| **2023** | 132,7 | 130,0 | 152,0 |
| **2024** | 143,8 | 140,0 | 155,0 |
| **2025** | 158,2 | 145,0 | 160,0 |

**(Булагы: Автор тарабынан изилдөөнүн негизинде түзүлдү)**

3.1.Таблица көрсөткөндөй дээрлик бардык жылдарда сууну пайдалануу тармагындагы ишканалардын жалпы продукциясын өндүрүү изилденген мезгилдин ичинде, б.а. 2021-2025 жылдары өскөн.

Биздин диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөтүп жаткандай, региондордо айыл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда сууну пайдалануу тармагындагы ишканалардын ролу жана орду эбегейсиз. Ошондой эле кызмат көрсөтүү жана социалдык тармактардын экономикалык багыттарын башкарууда сууну пайдалануу тармагындагы ишканаларды уюштуруу маанилүү роль ойноодо. Ушул эле учурда сууну пайдалануу тармагындагы ишканалардын ишмердүүлүгүн эффективдүү уюштурууда алардын натыйжалуулугуна жетишүүдө, рынок мамилелерине шайкеш келе турган механизмдердин бири катары алардын ишин оптимизациялоо деп эсептейбиз.

## ТЫЯНАКТАР.

Диссертацияда жер ресурстарын пайдалануу көйгөйүн - экономикалык көйгөйлөрдү чечүү үчүн түзүлгөн дүйнөдөгү алгачкылардын бири болгон өлкөлөр аралык бирикме -Экономикалык Өз ара жардамдашуу Кеңешинин алкактарында жер ресурстарын пайдалануу проблемаларын чечүүгө болгон аракеттерин түшүнүүгө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Бир бөлүгүн КМШ га катышуучу мамлекеттер ээлеген аймакта бул жер ресурстарын пайдалануу жана эл аралык соода мамилелеринин жана эмгекти макулдашып бөлүштүрүүнүн жана өндүрүштүк адистешүүнүн жана башка экономикалык проблемаларды чечүү үчүн бул биринчи аракет деп айтсак жаңылыштык болбойт. Эл аралык соода калктын жер ресурстарын пайдаланууну камсыз кылууда маанилүү орун ээлей тургандыгы жалпыга белгилүү. Тилекке каршы, дүйнөлүк соодадагы Кыргызстандын абалы жакшырууга муктаж. ВЭФтин эксперттери белгилегендей, Кыргызстандагы жер ресурстарын пайдалануу жолу менен соода үчүн негизги маселе –бул рынокко болгон жеткиликтүүлүктүн чектелүүсү эсептелет.

Республика жалпысынан шекер жана өсүмдүк майы сыяктуу зарыл продуктунун түрлөрү менен өзүн камсыз кыла албайт. Буудайды өстүрүү иши болсо атандашууга жараксыз, анын сапаты стандарттарга туура келбегендиктен Казакстандан ундун өзүн же болбосо буудайдын туруктуу сортторун ташып келүүгө мажбур болуудабыз.

Бүгүн жер ресурстарын пайдаланууну көтөрүү үчүн жаңы, алдыңкы агротехникалык технологиялар жана методдор, көп түшүм берүүчү үрөндөр, асыл-тукум малдар, айыл чарбасын мамлекеттик финансы-кредиттик колдоо, кайра

иштетүүчү өнөр жайын колдоо, агроөнөр жай комплекси үчүн заманабап рынок инфраструктурасын түзүү керек.

Экономиканын жер ресурстарын пайдаланууну өнүктүрүүдө топтолгон көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле кылуу Кыргызстанда социалдык чыңалууну жеңилдетүүгө алып келиши шексиз.

Кыргызстанда учурда жер ресурстары менен иштеген ишканалар экономиканын өнүгүшүнүн олутту бөлүгүн түзүп, чарба комплекстеринин өзөгүнө айланып жаткандыгын байкоого болот. Эң башкысы мындай ишканалар биринчи кезекте калктын товарга карата керектөөсүн жана тейлөө чөйрөсүндөгү муктаждыгын үзгүлтүксүз көзөмөлгө алып, инновациялык артыкчылыктарды ыкчам колдонууга, продукциялардын жаңы, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды чыгарууга жетишүүдө. Анын үстүнө, инфраструктуранын негизинде эле потенциалдык эмгек капиталын жана материалдык ресурстарды натыйжалуу,билгичтикте пайдаланууга кыйла ыңгайлашкандыгы менен олуттуу айырмаланат.

Талдоо көрсөткөндөй жер ресурстарын иштеткен бизнес өлкөнүн чарба комплекстерин өнүктүрүүнүн башкы кыймылдаткыч күчү катары эсептелет. Анткени экономиканын базар шартындагы өнүгүшүнө түздөн-түз олуттуу оң таасирин тийгизет. Эң башкысы өтө ийкемдүүлүгү жана багыттарын өзгөртүүгө кыйла ыңгайлашуусу, ошол эле учурда арбын каражатты талап кылбастыгы менен чарбанын башка түрлөрүнөн өзгөчөлөнөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, экономикасы мыкты жолго коюлган мамлекеттерде жекр иштеткен бизнеске тиешелүү ишканалар көпчүлүк учурда экономикалык өсүштүн ылдамдашын, түзүмүн жана улуттук дүң продукциянын сапатын аныктоодо белсемдүү орунду ээлейт. Евросоюз өлкөлөрүнө 70% чейинки ички дүң продукция буларга туура келет. Мындай ишканалар дүйнөнүн көп өлкөлөрүндөгү дүң жана чекене соода ишинде, тамак аш өнөр жайында, курулуш комплекстеринде үстөмдүк кылат. Чакан бизнеске бардык экономика секторлорунда иштегендердин 70% га жакыны чегерилип, Европалык Биримдиктин товар айлануусунун 50% ашыгы туура келет.

Жер ресурстарын иштеткен бизнести өнүктүрүү улуттук экономиканын түзүмүн жакшыртуунун, калкты иш менен камсыз кылуунун, элдин жашоо-тиричилигинин өсүшүнүн эң башкы шарттарынын бири катары эсептелет. Ушундай жагдайды эске алуунун жыйынтыгынан улам акыркы 20 жылдын ичинде мындай ишканалар АКШда 3 эсеге, Японияда 2 эсеге арбыган. Ал эми Италияда жылына 300 миң ишкана ачылып, бизнес менен аракеттенет. Ишкер адам коомдун мыктыларына айланган. Ишкерлер чарбанын өсүшүн жана өзгөрүшүн тобоколдиктин, жаңы изденүүнүн негизинде жетишет. Жер иштеткен ишканалардын новаторлук-потенциалдык ийкемдүүлүгү, ыкчам өнүгүп кетүүсү, түзүмүн тез өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жана тобокелдиктин салыштырмалуу төмөндүгү менен олуттуу айырмаланат.

**ТЫЯНАКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**

1). Жер ресурстарын рационалдуу пайдалануу мамлекеттик денгээлде чечилиши керектиги талашсыз, негизги рационалдуу пайдалануу багыттары жана жер ресурстарын асыроо милдеттери болуп биздин оюбузча төмөнкү иш-чаралар:

1. Жерди туура пайдалануу багытында жогорку денгээлде Кыргызстандын экономикасына шайкеш келген Иш план же Программа кабыл алынышы керек. Жерди туура пайдалануу жана эффективдуу иштетиш багытында реформа жасоо

жана экономикалык башкарууну өнүктүрүүнүн негизинде жер мамилелерин өркүндөтүү;

2. Көп укладдуу экономиканын жана рынок мамилелеринин шартында жер пайдалануунун территориясын жайгаштыруу жана жерлерди туура жайгаштыруу боюнча долбоор- издөөчүлөрдун жумуштарын өркүндөтүү;

3. Бирдиктүү жер кадастры системасын киргизүү жана жерлерди жана кыймылсыз мүлктөрдү регистрациялоо, жерге болгон мамилени жакшыртуу максатында мониторинг жүргүзүү;

4. Жер ресурстарын башкаруу системасын түзүү, аны экономикалык жактан туура башкаруу жана алып баруу;

5. Жерге жайгаштыруу, геодезиялык, жер кыртышы, геоботаникалык, картографиялык жана долбоор-изилдөөчү жумуштарды илимий-техникалык камсыздоонун деңгээлин көтөрүү;

6. Илим менен өндүрүштү итеграциялоо.

2). Жердин сандык эсебин, жердин бар болушу жана жерди бөлүштүрүү анын түрлөрүнө жана жерди пайдалануучуларга жараша экономикалык туура башкаруу зарыл. Ошол берилгендердин негизинде жылда жердин экономикалык балансын түзүү зарыл. Бирок, жерди туура сандык эсебин алып барууга бул аздык кылат. Анын сапатынын эсеби керек, аны аткаруу чоң иш-чараны талап кылат. Бул аябагандай татаал маселе экендиги шексиз. Бирок аны жасоо жер ресурстарын туура пайдаланууга шарт тузот.

3). Жердин сапатынын белгилери катары жердин жер кыртышы, өсүмдүктөрү жана рельефи жөнүндө мүнөздөмөсү, жер кыртышынын суу жана шамал эрозиясына туш келгенинин деңгээли, сазга айланганынын, кислоталуулугу, сиңимдүү заттар менен камсыз болгону, таштактыгы жана башка билдирүүлөр боюнча маалыматтар ыкчам жана тез арада толукталып туруусу зарыл экендигин белгилеп коюу зарыл.

4). Жер кыртышын баалоо – бул жер кыртышына берилген табигый түшүмдү көп берүүчү сапатын жогорулатуу дегекндикке жатат. Ал жер кыртышынын объективдүү белгилеринен курулат, атап айтканда ал белгилер айыл чарба продукциясы өсүү үчүн жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө өтө керектүү болуп саналат. Жерге экономикалык баа берүү, жердин өндүрүүчү мүмкүнчүлүгү, айыл чарбасында өндүрүштүн каражаты катары билдирет. Анын негизинде ар түрдүү жердин кирешелүүлүгү, жер кыртышынын сапаттуулугун жана жер участкаларынын жайланышы болот. Жердин баасы – капиталдашкан жер рентасы, мурда капиталга айланган, процент түрүндө киреше алып келери белгиленет жана жерге жеке менчиктин негизинде жер сатып алуу- сатуу иш-чаралары белгиленет. Ошондуктан жер участкаларынын өзүнүн белгиленген баасы бар. Бирок, жердин баасы кадимки товарлардын баасынан айрымаланат. Жер – бул табигаттын бергени, эмгектин продуктусу эмес. Ага карабастан, ал товардын формасын алат, ал сатылат жана сатып алынат. Жер участкалары эми аренда менен тең граждандарга жана юридикалык жактарга сатылат.

5).Айыл чарбасында жерди пайдалануунун экономикалык эффективдүүлүгү көрсөткүчтөрдүн системасы менен аныкталат:

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү;
- продукциянын өзүнүн наркы;
- дүң продукция, дүң киреше, таза киреше же 1 га айыл чарба жерлеринен пайда табуу;

- дүң продукцияны чыгаруу, бир бирдике жер иштетүүдө өндүрүштүк чыгаша (эмгектик, материалдык).

Жерди пайдалануунун эффективдүүлүгүн көтөрүүнүн негизги жолдору:

1. Айыл чарбасын ыраатуу интенсификациялоо жана интеграциялоо.
2. Айыл чарбасын жаңы техникалар менен жабдуу.
3. Жаңы технологияларды жана алдынкы тажырыйбаларды киргизүү;
4. Айыл чарба өндүрүшүнө специализацияны жана концентрацияны киргизүү;
5. Минералдык жана органикалык жер семирткичтерди туура пайдалануу;
6. Жерлерди мелиорациялоо жана аларды айыл чарбасында өздөштүрүү;
7. Селекция жана жогорку түшүмдүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сортторун киргизүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Ажиматова, Н.М. Кыргызстандын каржы тармагын онуктруу жана анын макроэкономикалык келечектери. [Текст] / Н.М. Ажиматова // VIZYON ARAYISI 11. Uluslararasi Turk Dunyasi Sosyal Bilimler Kongresi Istanbul-2013 С. 315-318
2. Ажиматова, Н.М. О развитии инновационной деятельности в аграрном секторе экономики Кыргызской Республики [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник Самаркандского института экономики и сервиза Душанбе-2018 - С. 395-414
3. Ажиматова, Н.М. Состояние и развитие инновационной деятельности КР [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник Самаркандского института экономики и сервиза -2018 - С.282-286
4. Ажиматова, Н.М. Проблемы и опыт государственного управления экономикой и социальным развитием [Текст] / Н.М. Ажиматова // Душанбе-2018 -С. 500-505
5. Ажиматова, Н.М. О необходимости разработки стандартов внутреннего аудита [Текст] / Н.М. Ажиматова А.А. Хамрабаев // Вестник Университета Экономики и Предпринимательства Жалал-Абад-2018. – С. 236-240.
6. Ажиматова, Н.М. Проблемы развития земельных отношений в аграрном секторе экономики Кыргызстана [Текст] / Г.К. Ташкулова Н.М. Ажиматова., // Научно-практический журнал «Экономика и управление: проблемы и решения Москва- 2019 – С. 15-19
7. Ажиматова, Н.М. О роли государственного управления в обеспечении более устойчивого развития экономики Кыргызской Республики [Текст] / Г.К. Ташкулова Н.М. Ажиматова // Научно-практический журнал Экономика и управление: проблемы и решения. Москва– 2019 – С. 38-42
8. Ажиматова, Н.М. Экономиканын өнүгүшүнө органикалык айыл чарба өндүрүшүнүн тийгизген таасири. [Текст] / Н.М. Ажиматова // Известия ВУЗов Кыргызстана Бишкек- 2019 – С. 67-71
9. Ажиматова, Н.М. Жер ресурстарын иштеткен ишканаларды уюштуруунун жана иш алып баруунун экономикалык көрсөткүчтөрүнү учурдагы абалы. [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник Международного Университета имени К.Ш. Токтомаматова - Жалал-Абад-2019 №4- С. 86-92
10. . Ажиматова, Н.М. Неравенство доходов населения [Текст] / Н.М. Ажиматова // Кыргызстана Вестник Международного Университета имени К.Ш. Токтомаматова - Жалал-Абад-2020 №1- С. 59-64

11. Ажиматова Н.М.- Банкротсва предприятии [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник Международного Университета имени К.Ш. Токтомаматова Жалал-Абад -2020. – №1. – С. 64-69.
12. Ажиматова, Н.М. Процесс модернизации и улучшения существующей платежной системы Кыргыстана [Текст] / Н.М. Ажиматова Г.С. Жамашева// Вестник Международного Университета имени К.Ш. Токтомаматова Жалал-Абад -2020. -№2.- С. 158-161
13. Ажиматова, Н.М. Базар экономикасы шартында табыгий жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык абалы [Текст] / Н.М. Ажиматова // Наука, новые технологии и инновации Бишкек -2020.- №8.-С.64-67
14. Ажиматова, Н.М. Жер ресурстарынын пайдалануунун абалы жана аларды башкаруунун көйгөйлөрү [Текст] / Н.М. Ажиматова // ИЗВЕСТИЯ Иссык-Кульского форма бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Бишкек -2020. – С. 16-20
15. Ажиматова, Н.М. Экономикалык реформа жана жер ресурстарын иштеткен ишкердиктин өнүгүүсүнүн келечеги [Текст] / Н.М. Ажиматова // ИЗВЕСТИЯ Иссык-Кульского форма бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Бишкек- 2020. – С. 20-24
16. Ажиматова, Н.М. Уровень жизни населения, безработица и формирование рабочих мест в современном Кыргызстане. [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник НИМСИ научно-информационный журнал Жалал-Абад- 2021. – С. 38-45
17. Ажиматова, Н.М. Проблемы инвестирования и пути привлечения инвестиций в малый и средний бизнес. [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник НИМСИ научно-информационный журнал Жалал-Абад - 2021. – С. 45-51
18. Ажиматова, Н.М. Жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун негизинде сууну сарамжалдуу пайдалануу, ага болгон сарптоолордун түзүмүн божомолдоо жана моделдөө. [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник Международного университета имени К.Ш.Токтомаматова Жалал-Абад - 2021г. - №1.- С. 62-68
19. Ажиматова, Н.М. Кыргыз Республикасынын суу ресурстарынын азыркы абалын экономикалык жактан баалоо. [Текст] / Н.М. Ажиматова // Вестник Международного университета имени К.Ш.Токтомаматова Жалал-Абад -2021г. -№2.- С.

**Ажиматова Наргиза Мырзакабуловнанын 08.00.05- Эл чарбасынын экономикасы жана башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденүү үчүн жазылган “Жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун негизинде региондун экономикасын өнүктүрүү” аттуу диссертациясына**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** Жер ресурстары, аймактар, уюштуруу, талдоо, реформа, инвестиция, экономика.

**Изилдөөнүн максаты** Кыргызстандын экономикасынын учурдагы шартына байланыштуу жер ресурстарын пайдалануу эл чарба ишин жүргүзүүнүн натыйжалуу формаларын аныктап, алардын иш аракеттеринин экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн теория-методологиялык негизин иштеп чыгуу жана негиздөө болуп саналат.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар менен байланышы**. Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын 2017-жылга чейинки «Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери», Жер ресурстарын, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөр жай жана айыл чарбаны өнүктүрүү боюнча атайын программалары жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Евразиялык Экономикалык Биримдикке кошулуу боюнча изилдөөлөрү менен байланышта.

**Изилдөө объекти** Кыргыз Республикасында коомдук түзүлүштү кайра куруу учурунда жер ресурстарын пайдалануунун жана анын иштетеп чыгууда, эл чарбасынын товардык өндүрүшүндө уюштуруу-экономикалык негиздерин изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети** катары жер ресурстарын пайдалануу боюнча эл чарба өндүрүшүндөгү ишканалардын натыйжалуулугун жогорулатуу маселеси жана аны чечүү жолдору каралды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациянын негизги жоболорун, корутундуларын жана сунуштарын жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу маселелеринин үстүнөн иштеген адистер, илимий-изилдөө мекемелер жана ошондой эле жогорку окуу жайларында атайын курстарды окуу учурунда колдонушса болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык жактан маанилүүлүгү**. Кыргыз Республикасынын Евразиялык Экономикалык Биримдикке интеграцияланган бир мезгилде эл чарбасын түзүп, алардын иш-аракетинин алкагында жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык механизмин өркүндөтүү боюнча берилген сунуштар жалпысынан өлкөнүн социалдык жана экономикалык проблемаларын чечүүгө жардам берет.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана корутундуларынын натыйжалары ар кандай семинарларда, илимий-практикалык конференцияларда, билдирүүлөр жасалып, талкууланды.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Ажиматовой Наргиза Мырзакабуловны на тему: «Стабильное развитие экономики региона на основе эффективного использование земельных ресурсов», подготовленной на соискание ученной степени кандидат экономических наук по специальности 08.00.05- Экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** земельные ресурсы, регионы, организация, анализ, реформа, инвестиции, экономика.

**Целью исследования** является выявление и разработка эффективных теоретических и методологических основ совершенствования экономического механизма экономической деятельности, выявление эффективных форм экономической деятельности в связи с текущим состоянием экономики Кыргызстана.

**Связь темы диссертации с основными научными программами.** Тема диссертации связана с «Основами комплексного развития» Кыргызской Республики до 2017 года, специальными программами развития земельных ресурсов, водного хозяйства и перерабатывающей промышленности и сельского хозяйства, а также исследованиями по вступлению Кыргызской Республики в Евразийский экономический союз.

**Объектом исследования** является изучение организационно-экономических основ использования земельных ресурсов при реконструкции социальных структур в Кыргызской Республике и ее развитии, товарном производстве народного хозяйства.

**Предметом исследования** стала проблема повышения эффективности использования земельных ресурсов предприятиями и пути ее решения.

Практическое значение исследования. Основные положения, выводы и рекомендации диссертации могут быть использованы специалистами, работающими над повышением эффективности землепользования, научно-исследовательскими учреждениями, а также спецкурсами в высшей школе.

**Экономическая значимость** полученных результатов. В условиях, когда Кыргызская Республика интегрируется в Евразийский экономический союз, предложения по созданию экономики и совершенствованию экономического механизма землепользования в рамках их деятельности будут способствовать решению социально-экономических проблем страны в целом.

**Апробация исследования.** Основные положения и выводы исследования были представлены и обсуждены на различных семинарах, научно-практических конференциях.

## SUMMARY

**Azhimatova Nargiza Myrzakabulovnas dissertations on the topic: "Stable development of the regional economy based on the effective use of land resources", prepared for the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.05 - Economics and management of the national economy**

**Key words:** land resources, regions, organization, analysis, reform, investment, economy.

**The purpose of the study** is to identify and develop effective theoretical and methodological foundations for improving the economic mechanism of economic activity, identifying effective forms of economic activity in connection with the current state of the Kyrgyz economy.

**Connection of the topic** of the dissertation with the main scientific programs. The topic of the dissertation is related to the "Fundamentals of Integrated Development" of the Kyrgyz Republic until 2017, special programs for the development of land resources, water management and processing industry and agriculture, as well as research on the entry of the Kyrgyz Republic into the Eurasian Economic Union.

**The object** of the research is to study the organizational and economic foundations of the use of land resources in the reconstruction of social structures in the Kyrgyz Republic and its development, commodity production of the national economy.

**The subject** of the research is the problem of increasing the efficiency of the use of land resources by enterprises and ways of solving it.

**The practical significance of the study.** The main provisions, conclusions and recommendations of the dissertation can be used by specialists working to improve the efficiency of land use, research institutions, as well as special courses in higher education.

**The economic significance of the results obtained.** In conditions when the Kyrgyz Republic is integrating into the Eurasian Economic Union, proposals to create an economy and improve the economic mechanism of land use within the framework of their activities will contribute to solving the socio-economic problems of the country as a whole.

**Approbation of the study.** The main provisions and conclusions of the research were presented and discussed at various seminars, scientific and practical conferences.

Сдано в набор: «____»___________2021 г.

Сдано в печать: «____»___________2021 г.

Офсетная бумага. Формат бумаги 60/90

Объем: 1,5 п.л., Тираж 10 экземпляров. Заказ №____

Центр информационных технологий МНУ им. К.Ш.Токтомаматова